# ОКУУ ПРОЦЕССИН КРЕДИТ-СААТТЫК СИСТЕМА БОЮНЧА УЮШТУРУУНУН КӨЙГӨЙЛҮҮ МАСЕЛЕЛЕРИ

**АТАНАЕВ Т.Б.,**
**ЧОЛПОНБАЕВ А.К.**
biblionsu@rambler.ru

Акыркы он жылдыктарда дүйнөлүк жогорку билим берүү системасында көптөгөн системалык өзгөрүүлөр жүрүп жатканы байкалууда. Европа өлкөлөрүнүн жогорку билим берүү системасына билимдин деңгээлинин жана сапатынын бардык өлкөлөргө бирдей чен-өлчөмдөрүн, стандарттарын иштеп чыгуу боюнча демилгеси бул өзгөрүүлөрдү тездетти жана терендетти. 1999-жылы Италиянын Болонья шаарында кабыл алынган декларация ушул максаттарга багытталып, андан кийинки өзгөрүүлөр ушул декларациянын атынан Болонья процесси деп аталып калды. Мындай жогорку билим берүү системасын түп-тамырынан реформалоого карата жасалган аракеттер Кыргызстандын, жалпы эле КМШ өлкөлөрүнүн жаңы, улуттук жогорку билим берүү системасын калыптандыруу мезгилине дал келип, биздин өлкөлөр үчүн кошумча татаалдыктарды жаратууда.

Болонья процессинин негизги багыттары ага катышкан өлкөлөрдөгү жогорку билимдин деңгээлдерин унификациялоого, б.а. бакалавриаттан жана магистратурадан турган эки баскычтуу жогорку билимди киргизүүгө, адистиктердин жалпы тизмесин жана алардын окутуу программаларын жакындаштырууга, студенттердин билимди өздөштүрүүгө сарптаган окуу ишмердигин өлчөөнүн универсалдуу системасын – кредит-сааттар системасын киргизүүгө жана студенттин индивидуалдуу мүмкүндүктөрүнө ылайыкталган, үзгүлтүксүз билим алууга жол ачкан кредиттик технологияны киргизүүгө багытталган.

Кыргызстанда да 2001-жылдан бери аталган багыттар боюнча изилдөөлөр (тюнинг-программалар), Болонья процессинин айрым элементтерин окуу процессине киргизүү боюнча аракеттер жасалып жатат. Бул иштерге академиялык коомчулукта оң да, терс да көз караштар калыптанды. Ошентсе да, Кыргызстандын жогорку билим берүү системасын өнүктүрүү үчүн да, кыргыз жогорку окуу жайынын дипломдорунун жакынкы (биринчи ирээтте Россия, Казакстан) жана алыскы чет өлкөлөрдө таанылышы, демек атаандашууга жөндөмдүүлүктү арттыруу үчүн да бул реформаларды аткаруу зарыл экени шексиз.

Бул макалада жогоруда аталган проблемалардын ичинен кредит-сааттык системаны окуу процессине киргизүүнүн айрым маселелерине көңүл бурулмакчы. С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинде окутуунун кредиттик технологиясын, кредит-сааттар системасын киргизүү боюнча аракеттер акыркы 3-4 жылдан бери активдүү жүргүзүлүп келет. Бул боюнча көптөгөн талкуулар, тренингдер, семинарлар өткөрүлүп, айрым бир нормативдик документтер да иштелип чыккан.

Кредит-сааттар системасы – билим берүү программасын анын компоненттерине (дисциплиналарга, курстарга ж.б.) кредиттик бирдиктерди ыйгаруу аркылуу чечмелөө ыкмасы. Жогорку кесиптик билим берүү системасында кредитти аныктоо студенттин жалпы эмгек сарптоосу же окуу дисциплинасын өздөштүрүүдө студент менен окутуучунун контакттык убактысы, аны окутуунун натыйжасы сыяктуу ар түрдүү параметрлерге негизделет.

Студенттин бир өлкөнүн окуу жайынан башка өлкөнүн окуу жайына которулушу учурунда буга чейинки өздөштүргөн билим кредит-сааттар менен өлчөнөт. Мына ушул максатта Европа өлкөлөрүнө орток болгон кредит которуу (эсептөө) системасы (ECTS – Europian Credit Transfer System – Европалык кредит которуу системасы) иштелип чыккан. Бул система студенттин билим берүү программасын өздөштүрүү үчүн талап кылынуучу жумушунун жалпы көлөмүн аныктоого негизделген. Билим берүү программасынын максаты мында окутуунун акырында алынган натыйжалар: билим, билгичтик жана көндүмдөр (компетенциялар) менен аныкталат. ECTS

системасын киргизүү аркылуу дипломдордун жана квалификациялардын академиялык таанылышын жеңилдетүүгө, билим берүү программаларын жана окуу пландарын ачык-айкын кылууга болот деп эсептелет. ECTS системасы европалык жогорку билимге ар түрдүү өлкөлөрдүн студенттерин кызыктыруу, тартуу максатында иштелип чыккан.

ECTS системасы академиялык мобилдүүлүктү жеңилдетүүгө мүмкүндүк түзөт. Академиялык мобилдүүлүк ар түрдүү формаларда болушу мүмкүн: а) студент бир өлкөнүн ичиндеги башка бир окуу жайына же чет өлкөнүн окуу жайына бир-эки семестрге которулуп окуп, кайра өз окуу жайында окуусун жыйынтыктай алат; б) бир окуу жайында окуган студент башка окуу жайына которулуп окуусун бүтүрүшү мүмкүн; в) бир университет башка бир университет менен келишимдин негизинде белгилүү бир мөөнөткө окутуучулар, аспиранттар, жогорку окуу жайдын башка кызматкерлерин алмашып, тажрыйба алмашуу, стажировкадан өтүүнү уюштура алат. Батыш өлкөлөрүндө академиялык мобилдүүлүк боюнча атайын ири программалар түзүлүп, мамлекет тарабынан колдоого алынат. Кыргызстанда жана КМШ өлкөлөрүнүн аймагында бюджеттик студенттердин, окутуучулардын жана илимий кызматкерлердин реалдуу академиялык мобилдүүлүгүнүн иш жүзүндө дээрлик жоктугунан улам көпчүлүк окуу жайлардын жетекчилиги үчүн кредиттик системаны киргизүү экзотикалык жана керексиз иштей көрүнөт. Ошентсе да, бул системаны киргизүүнүн пайдалуу жактары бар:

- Кыргызстандын жана КМШ өлкөлөрүнүн ЖОЖдорунда окуп жаткан студенттер үчүн пайдалуу;
- билим алууну чет өлкөлүк университеттерде улантууга же академиялык мобилдүүлүктүн алкагында билим берүү программасынын бир бөлүгүн башка окуу жайда өздөштүрүп, өз окуу жайына кайра кайтып келүүгө финансылык мүмкүндүктөрү бар студенттер үчүн пайдалуу;
- кредит-сааттар системасын киргизүү окутуунун студентке, анын жекече мүмкүнчүлүктөрүнө багытталган кредиттик технологиясын киргизүүнүн зарыл шарты болгону үчүн пайдалуу.

Жогорку билимдин дүйнөлүк системасында ECTSтен башка да кредиттик системалар кеңири колдонулат. ECTSтин кандай өзгөчөлүктөрү бар?

Бул система күндүзгү бөлүмдүн студентинин бир академиялык жыл ичиндеги эмгек сарптоосун (трудоемкость) 60 кредит-саат деп шарттуу эсептөөгө негизделген. Студенттин жыл ичиндеги эмгеги көбүнчө 36-40 жумага туура келет, бул учурда бир кредит-саат жумасына 25-30 жумуш саатын түзөт. Жумуш жүктөмү катары окутуунун талап кылынган көлөмүн орточо студент өздөштүрө ала турган убакыт эсептелет.

Ошол эле учурда, кредит-саат окутуунун натыйжасын өлчөөнүн да ыкмасы болуп эсептелет. Окутуунун натыйжасы катары окутуу процессинин акырында студент билүүгө, түшүнүүгө жана аткара алууга тийиш болгон компетенциялардын курамы эсептелет. ECTSтеги кредит белгилүү бир өлчөмдөгү билим алынгандан кийин, студенттин билимине тиешелүү баа коюлгандан кийин гана ыйгарылат.

ECTS кредиттери окутуу программасынын официалдуу аныкталган мөөнөтүнө жараша бөлүштүрүлөт. Бакалавриаттагы окутуу мөөнөтү төрт жылга барабар, ошондуктан мындагы окутуунун жалпы эмгек сарптоосу 240 кредитти түзөт.

ECTS системасында студенттин билим өздөштүрүүгө эмгегинин сарпталышы окуу ишмердигинин бардык түрлөрүнө жумшалган убакытты: лекцияларга, семинардык сабактарга катышуу, өз алдынча иштөө, сабакка даярдануу, модуль, зачет, экзамендерди тапшыруу, курстук, дипломдук иштерди аткаруу ж.б. иштерге сарпталган убакытты камтыйт. Кредит-сааттар окутуу программасынын бардык компоненттерине (окуу дисциплиналары, практикалар, дипломдук иш ж.б.) бөлүнөт да, бир окуу жылы ичинде аткарылуучу окуу ишинин жалпы көлөмүн ар бир компонентке бөлүштүрүүнү туюнтат.

Эмгектин сарпталышынын бирдиктерин өлчөөнүн бир системасынан башка системага которуп коюунун өзү анчалык деле татаал эмес, техникалык маселе. Эгер бул иш ар башка билим берүү системаларын унификациялоо процессинин бир бөлүгү болбосо, анда мынчалык терең көңүл бурууга арзымак эмес эле. Унификациялоонун түпкү максаты ачык-айкын – адамга өзү каалаган,

тигил же бул себептерден улам ага ыңгайлуу болгон окуу жайдан билим алууга, же бир программаны бир окуу жайында эмес, бир нече окуу жайында бөлүп-бөлүп, улантып окууга мүмкүндүк берүү. Бул ар кыл ЖОЖдордо программалар жана окуу пландары гана эмес, окутуу схемалары да окшош болгон учурда гана мүмкүн болот. Азырынча мындай окшоштук дүйнөнүн эч бир жеринде түзүлө элек. Бүгүнкү күндө «университеттин чек араларын жоюу», «билим берүүнүн ачык-айкындыгын камсыз кылуу» боюнча аракеттерди Европа өлкөлөрү жасоодо. Россия, Казакстан, Өзбекстан сыяктуу коңшуларыбыз да бул багытта бир кыйла иштерди жасашты, Кыргызстандын айрым ЖОЖдору бул процесске кошулушту же жаңыдан кошулуп жатышат.

Нарын мамлекеттик университети (НМУ) 2004-жылдан баштап модулдук-рейтингдик системасы боюнча жобону окутуунун кредиттик технологиясынын негизинде жаңылап түзгөн. Бул системанын колдонулушу кредиттик технологияны киргизүүнүн зарыл шарты болуп саналат. Ал эми 2006-жылдан баштап окуу процессине кредиттик технологиянын элементтерин акырындык менен, этаптарга бөлүп киргизүү процесси башталды. Бул сыяктуу жаңы системаларды киргизүү боюнча аракеттерди теориялык жана практикалык ишмердикке бөлүүгө болот. Теориялык аракеттерге жаңы технологияны киргизүүнүн зарылдыгын негиздөө, чет өлкөлөрдө иштелип чыгып, ийгиликтүү колдонулуп жаткан моделдерди салыштырып изилдеп чыгуу, НМУга ылайыктуу моделди тандап алуу же жаңыдан иштеп чыгуу, кредиттик системага өтүүнүн планын жана методдорун аныктоо кирет. Практикалык аракеттер окуу ишмердигине сарпталчу эмгекти кредит-сааттар менен эсептөөнүн критерийлерин иштеп чыгуу, кредит-сааттарга жана кредиттик технологияга негизделген окуу пландарын түзүү, бул технологиядагы окуу процессине катышкан ар бир кызматкердин жана студенттин ишмердигин жөнгө салган нормативдик документтерди иштеп чыгууну камтыйт. Кредиттик технологияны киргизүүгө байланышкан аракеттердин жыйынтыгында түзүлгөн документтердин ичинен экөөнү негизги катары көрсөтүүгө болот: билим берүү программасы (окуу планы) жана окуу процессин уюштурушу жөнүндө жобо.

**Билим берүү программасы, окуу пландары.** Билим берүүнүн салттуу атамекендик системасынан окутуунун кредиттик технологияларына өтүү, биринчи ирээтте, жогорку билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын мазмунун, принциптерин, адистиктердин окуу пландарынын структурасын өзгөртүү, жаңы шарттарга ылайыктоо маселесин пайда кылат. Жогорку билим берүүнүн жаңы муундагы стандарттарында кредит-саат системасын, окутуунун кредиттик технологиясын киргизүүнүн ар кыл маселелери эске алынууга тийиш. Адистик боюнча билим берүүнүн программасын окуу планы түрүндө даярдоодо анын бекитилген стандарттардын талаптарына ылайык келиши, окуу дисциплиналарынын логикалык ырааттуулугу эске алынууга тийиш.

Адистиктердин жана даярдоо багыттарынын окуу планын кредиттик технологияга жана кредит-саат системасына ылайыктап кайра карап чыгууда төмөнкүдөй жагдайларга көңүл бурулат:

**1.** Ар бир адистиктин (багыттын) окуу планы үч формада иштелип чыгат:

а) базалык окуу планы – адистик боюнча жалпы окуу планы, ал бардык студенттердин ишинин мазмунун жана сарпталуучу эмгектин көлөмүн аныктоо үчүн колдонулат. Базалык окуу планы билим берүүнүн мамлекеттик стандарттарынын негизинде түзүлөт.

б) жекече (индивидуалдык) окуу пландары – ар бир студент үчүн өзүнчө түзүлүп, анын билим алуу траекториясын аныктайт. Ал базалык окуу планынын негизинде, студенттин мүмкүнчүлүктөрүн жана каалоосун эске алып түзүлөт.

в) жумушчу окуу планы – окуу процессинин жылдык графигин иштеп чыгуу үчүн жана окутуучулардын окуу жүктөмүн эсептөө үчүн колдонулат. Ал базалык жана жекече пландардын негизинде иштелип чыгат.

**2.** Базалык окуу пландарында ар бир дисциплинага өзүнчө идентификациялык код берилет. Бул код дисциплиналардын логикалык ырааттуулугун аныктоо үчүн колдонулат. Ал үчүн бири-бирине байланышкан, пререквизиттик жана постреквизиттик мамиледе болгон дисциплиналарга жалпы код берилип, алардын ар биринин катар ирети кошумча көрсөтүлөт. Мисалы, бардык адистиктерге өтүлүүчү «Чет тили» сабагы 4 семестр өтүлгөндүктөн, 1-семестрдеги чет тили курсуна – ЧТ1, 2-семестрдегисине – ЧТ2 ж.б. деген идентификациялык код берүүгө болот. Мындай

белгилөө кредит-саattардын эсебин алууда жана жекече окуу пландарын түзүүдө окуунун ырааттуулугун сактоого жеңилдик түзөт.

**3.** Кредит-саат түшүнүгүн жана аны эсептөөнүн критерийлерин аныктоо. НМУда ECTSтин кредит-саатты өлчөө критерийи кабыл алынган, б.а. 1 кредит-саат окуу дисциплинасын өздөштүрүүгө сарпталуучу жалпы эмгек көлөмүнүн 30 саатына барабар. 1 академиялык саат 40 астрономиялык минутага барабар. Базалык окуу планында бир семестрде 30 кредит-саат, бир окуу жылында 60 кредит-саат, 4 жылда (бакалавриатта) жалпы 240 кредит-саат каралууга тийиш. Дисциплинаны өздөштүрүүгө бөлүнгөн кредит-сааттын 45-50%ы аудиториялык иштерге, 50-55%ы өз алдынча иштерге бөлүнүүгө тийиш.

**4.** Ар бир семестрде 30 кредит-саат жайгаштыруу жана дисциплинанын логикалык ырааттуулугун так сактоо зарылдыгы окуу планын блоктор («Гуманитардык жана социалдык-экономикалык дисциплиналар», «Математикалык жана табигый илимдик дисциплиналар» ж.б.) боюнча эмес, семестрлер боюнча түзүүнүн ыңгайлуулугун көрсөтүүдө.

Окуу процессин уюштуруу. Кредиттик технологияны жана кредит-саат системасын киргизүү учурунда салттуу жогорку билим берүү системасында мурда болбогон бир катар жаңы түшүнүктөрдү, жаңы кызматтарды, университеттин жаңы структуралык бөлүмдөрүн ачуу зарылдыгы туулат. Мында биздин билим берүү системабыз үчүн көнүмүш болбогон төмөнкү маселелерди эске алуу керек:

**1. Студенттердин дисциплиналарга өз каалоосу боюнча жазылуусун уюштуруу.** Кредиттик технологиянын негизги принциптеринин бири – студенттин өзүнүн интеллектуалдык, финансылык, убакыттык ресурстарына (мүмкүнчүлүктөрүнө) жараша билим алуунун жекече траекториясын түзүүгө жол ачуу. Студент бир жылы көбүрөөк кредит-саат, башка жылы азыраак кредит-саат алууга, б.а. окуу жылында окуй турган дисциплиналарынын тизмесин өз каалоосу боюнча түзө алат. Албетте, мында айрым бир табигый чектөөлөр болууга тийиш: студенттин бир жылда ала турган кредит-саатынын максимуму (жогорку чеги) жана минимуму чектелет. Мисалы, базалык планда бир окуу жылына 60 кредит-саат каралса, студент жекече планында 45тен 75ке чейин кредит-саат ала алат.

Мындай тандоо укугу, аны менен бирге жоопкерчилиги Кыргызстандын студенттери, жалпы эле коомчулугу үчүн жаңы көрүнүш. Ошондуктан, бул системаны студенттерге жакшылап түшүндүрүп, алардын бул ишке активдүү аралашуусун камсыз кылуу бир кыйла аракетти талап кылат.

**2. Тандоо курстарын пландоо жана студенттердин тандоосун уюштуруу.** Окуу планындагы дисциплиналарды үч топко (категорияга) бөлүүгө болот:

1. Милдеттүү түрдө жана базалык планда көрсөтүлгөн убакта окулуучу дисциплиналар.
2. Милдеттүү түрдө, бирок студенттин каалоосу боюнча белгилүү бир мөөнөткө чейин эрте же кечирээк окууга боло турган дисциплиналар.
3. Милдеттүү түрдө окулбастан, студенттин өзүнүн тандоосу боюнча окула турган дисциплиналар.

Үчүнчү топтогу дисциплиналар окуу жылы башталганга чейин, тагыраак айтканда мурунку окуу жылынын аягына чейин пландалууга тийиш, анткени бул иш группалардын аныкталышы жана окутуучулардын кийинки окуу жылдагы окуу жүктөмдөрүн эсептелиши менен байланыштуу. Бул багыттагы иштердин төмөнкүдөй болжолдуу схемасын сунуш кылууга болот:

- Тандоого сунуш кылынган курстардын тизмеси окуу планында көрсөтүлүп, ал тизме окуу жылынын аягында, апрель-май айларында студенттердин тандоосуна коюлууга тийиш;
- 15-20-майга чейин студенттердин тандоо курстарына жазылуусу уюштурулуп, тандалган курстардын тизмеси аныкталууга тийиш. Бул учурда студенттердин группа ачуу үчүн жетиштүү болгон минималдуу жана максималдуу саны студенттерге жана окутуучуларга алдын ала жеткирилиши керек. Мисалы, курска 15 студенттен кем жазылса, бул курс боюнча группа ачылбайт да, кафедра башчысы Окуу башкармалыгы менен макулдашып, бул курска жазылган студенттерди башка курска которот. Эгер курска жазылган студенттердин саны 25тен ашса, анда эки группа ачылып, жазылган студенттер эки группага бирдей санда бөлүнөт;

- Ар бир тандалган курска катышуучу студенттердин тизмеси (группанын тизмеси) аныкталууга тийиш;
- Тандоо курстарынын окуу жүктөмү окутуучулардын окуу жүктөмүнө кошулуп эсептелип чыгууга тийиш.

**3. Студенттердин окуу жетишкендиктерин каттоо.** Кредиттик технологиянын киргизилиши убакыттын өтүшү менен окутуу курсу (1-курс, 2-курс ж.б.) жана окуу группасы деген түшүнүктөрдүн алсырап, жоюлушуна алып келет. Студент өзүнүн адистигинин сабактары менен бирге, айрым жалпы сабактарды жана тандоо курстарды башка адистиктин, башка факультеттин студенттери менен бирге окуп калышы мүмкүн. Ошондуктан, студенттин окуу жетишкендиктерин: канча кредит-саат өздөштүргөнүн, кайсы милдеттүү жана кайсы тандоо курстары алына электигин, кайсы дисциплиналар өздөштүрүлбөй калганын жалпы университет боюнча каттап, анализ кылып туруу зарылдыгы келип чыгат. Бул милдетти офис-регистратор (каттоо кеңсеси) бөлүмү аткарат.

Офис-регистратор ар бир модулдун, ар бир семестрдин жыйынтыгы менен студенттердин рейтингин, транскриптин (өздөштүрүлгөн сабактардын тизмесин) аныктап турушат. Ал студенттин жекече пландарын түзүүдө логикалык ырааттуулуктун сакталышын көзөмөлдөө, дисциплинага кайра жазылып окууну уюштуруу милдетин да аткарат. НМУнун студенттеринин окуу ишмердиги боюнча бардык маалыматтардын бир жерде, автоматташтырылган базада чогултулушу окуу процессинин жүрүшүн талдоого алууга, ага сандык-статистикалык анализ жүргүзүүгө мүмкүндүк берет.

**4. Өздөштүрүлбөй калган сабактарга кайра жазылып окууну уюштуруу.** Кредиттик технологияны салттуу билим берүү системасынан айырмалап турган эң негизги өзгөчөлүк – жаман баа алган (өздөштүрүлбөгөн) сабакты ошол эле семестрде кайра тапшырууга мүмкүндүк берилбегендиги. Мындай дисциплиналар кийинки семестрде же кийинки окуу жылында студент тарабынан кайра жазылып окулат. Өздөштүрүлбөй калган сабактарды студент өзүнүн финансылык же убакыттык мүмкүнчүлүгүнө жараша каалаган учурунда кайра жазылып окуй алат.

Кредиттик технология, биринчиден, окутуунун модулдук-рейтингдик системасы менен айкаша келип, студенттин ишмердигине семестр ичинде үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүп турууга негизделет. Башка сөздөр менен айтканда, салттуу системада студент жарым жыл бою сабакка келсе-келбесе да, жыйынтык зачетко же экзаменге келип тапшырууга мүмкүндүгү бар болсо, бул системада студенттин ар бир семинардык сабактагы, лекциядагы активдүүлүгү, биринчи жана экинчи модулдарда алган баалары топтолуп отуруп, сабактын жыйынтык баасын түзөт. Биринчи модулга катышпаган же жаман баа алган студент экинчи модулга кире албайт. Экинчиден, кредиттик технология начар баадан коркуунун ордуна начар билимден коркууну пропагандалоого негизделген. Бул технология мурунтан колдонулуп, салтка айланып калган өлкөлөрдө студенттин тигил же бул дисциплинадан начар баа алышы студенттин өзүн да, анын жакындарын да эч бир моралдык кыжаалаттыкка дуушар кылбайт. Студент мындай учурда «демек, менин бул дисциплина боюнча билимим төмөн экен, бул дисциплинаны кайра окуп өздөштүргөнүм өзүм үчүн пайдалуу» деген ойдо болот. Ар бир студенттин жекече траектория менен окушу, пландуу түрдө төрт жылда же беш жылда жогорку билимге ээ болуу керек деген ойдун жалпыга мүнөздүү эмес экендиги да ушундай мотивдерди бекемдейт.

**5. Эдвайзер (тьютор) институтунун зарылдыгы.** Жогоруда айтылгандардан көрүнгөндөй, студентке өзүнүн жекече траекториясын аныктоого – «быйыл бул сабактарды, эмки жылы бул сабактарды окуйм» деп пландаштырууга мүмкүндүк берилет. Бирок, бул иште студенттин өзүн жападан-жалгыз таштап коюуга болбойт. Жылдык жекече планды аныктоо үчүн студент кайсы сабактар милдеттүү жана өз убактысында окулуш керек экенин, бир сабактын ордуна башка кайсы сабакты алууга болорун, кредит-сааттардын саны жетиштүү же жетишсиз экенин өз алдынча аныктоого тийиш, бул бир кыйла татаал иш. Ошондуктан эдвайзер (англ. adviser – кеңешчи) институтун уюштуруу – тажрыйбалуу окутуучуну студенттерге кеңешчи кылып бекитип берүү зарылдыгы туулат. Эдвайзерлик кызмат факультеттин деканатында түзүлүп, декандын карамагында болууга тийиш. Эдвайзерлердин санын жагдайга жараша аныктоого болот, мисалы бир эдвайзер бир же эки адистиктеги 200-300гө чейинки студенттерди тейлей алат. Ал окуу жылынын аягында

кийинки окуу жылга жекече пландарды түзүү боюнча иштерди уюштуруп, студенттерге группалык жана жекече консультацияларды уюштурат, тигил же бул дисциплинаны тандап алуу эмнеге байланыштуу экенин түшүндүрүп турат. Жыл ичинде жекече планга байланыштуу ар кыл маселелер боюнча консультацияларды жүргүзүп турат.

Кредиттик технологияны жана кредит-сааттык системаны окуу процессине киргизүү боюнча аракеттер жаңыдан гана башталды. Теориялык изилдөөлөрдөн практикалык жумуштарга өтүү процесси жүрүп жатат. Азыркы учурда ишке киргизилип, бирок кыйынчылык туудуруп жаткан процесстерге төмөнкүлөрдү мисал кылууга болот:

**1.** Сабактарга өз алдынча жазылуу процессинин пассивдүүлүгү. Студенттер салттуу, пландык билим берүү боюнча ой жүгүртүп, сабактарды өз учурунан эртерээк же кечирээк окуу мүмкүндүгүн терең түшүнүшө элек. Ошол эле себептер боюнча өздөштүрүлбөгөн сабактарга кайра жазылып окуу процесси да пассивдүү мүнөздө болуп жатат.

**2.** Тандоо курстарын уюштурууну бирдиктүү бир системага салуу иши жай жылууда.

Ошентсе да, мезгилдин өктөм талабы акырындык менен бул жаңы башталган иштин темпин, терендигин өзгөртөөрү шексиз. Жакынкы келечекте тереңирээк кароого туура келе турган проблемалар катары бүгүнкү күндө төмөнкүлөрдү болжолдоого болот:

**1.** Сарпталуучу эмгекти өлчөөнүн кредит-сааттык системасын окутуучулардын окуу жүктөмүн эсептөөгө киргизүү. Бул багытта республикабыздын айрым жогорку окуу жайларында белгилүү бир тажрыйба калыптанды, ошентсе да республикалык деңгээлде бул багыттагы нормативдик базанын жоктугу бул ишти татаалдантууда.

**2.** Жакынкы убакытта сунуш кылына турган билим берүүнүн жаңы муундагы – компетенттүүлүккө негизделген мамлекеттик стандарттарынын негизинде кредит технологиясына, кредит-сааттык системага ылайыкталган окуу пландарын түзүү.

**3.** Окутуунун кредиттик технологиясынын, кредит-саат системасынын колдонулушун жөнгө салуучу мамлекеттик деңгээлдеги укуктук-нормативдик базанын даярдалышы.

Азыркы мезгилде Кыргызстандын эгемендүү, улуттук жогорку билим берүү системасын калыптандыруунун түйшүктүү процесси дүйнөлүк жогорку билим берүү системасында болуп жаткан чукул өзгөрүүлөр менен коштолуп жатат. Кечээ эле жаңы, чоочун деп эсептелип келген, ошол эле учурда көп өлкөлөрдө өзүнүн артыкчылыктарын далилдеген технологиялар менен куралдануубуз биздин өнүгүүбүзгө пайдалуу гана болот.

**Адабияттар**


1. Fields of Education and Training. EUROSTAT, 1999.
2. Европейская система перевода кредитов. – www.bologna.mgimo.ru, 2005.
3. Espenbeck John, Heyse Volker. Die kompetenzbiographie. Strategien der Kompetenzentwicklung durch selbstorganisiertes Lernen und multimediale Kommunication. Waxmann Münster / New York, München / Berlin. 1999.
4. Сибилла Райхерт, Кристиан Таух  Тенденции IV: Европейские университеты  на пути осуществления болонских реформ»
5. Положение о проблемно-модульной технологии обучения**:** Учебно-методическое пособие для студентов 3-го курса химического факультета. -Барнаул: Издательство Алтайского университета, 2001. -47 с.
6. Руководство по применению европейской системы перевода и накопления кредитов (ECTS) в Кыргызской Республике. / Бишкек, авт. Абакирова Г.Б.,

Адамкулова Ч.У., Бекбоева Р.Р., и др, 2005.- 78 с